КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАДАНИЙ-МАССАЛЫК ЖАНА ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР БӨЛҮМҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

СТУДЕНТТИК КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШТӨӨ БӨЛҮМҮ

"БЕКИТЕМИН"
ОшМУнун ректору
ф.м.и.д., профессор
Кожобеков К.
«___» 2023 ж.

Ош мамлекеттик университетинин 2023-2024-окуу жылы үчүн түзүлгөн тарбия, спорт, студенттик уюмдар, студенттик жатаканалар жана коомчулук менен иштөө боюнча

# КОМПЛЕКСТҮҮ ПЛАНЫ

***Бул комплектүү план 2023-2024-окуу жылы ичиндеги Ош мамлекеттик университетинде тарбия, уюштуруу, спорт иштери, студенттик уюмдар, студенттик жатаканалар жана коомчулук менен иштөө багытында аткарылуучу иш аракеттердин тартибин аныктап турат***

**Ош - 2023**

## УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Университеттин миссиясы**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Университеттин келечекке карай максаты** – ОшМУну классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.

**Баалуулуктары:**

- АДАМ РЕСУРСУ – университеттин негизги байлыгы;
- АРДАГЕРЛЕРИБИЗ – университетибиздин куту.
- ОРТО МУУН – окуу жайыбыздын жүзү.
- ЖАШТАРЫБЫЗ – университетибиздин келечеги.
- СТУДЕНТТЕРИБИЗ – элибиздин эртеңи.
- Муундар ортосундагы байланышты бекем кармоо аркылуу.
- КЛАССИКАЛЫК БИЛИМ+ИЛИМ жана ИННОВАЦИЯ+РУХАНИЙ МАДАНИЯТТЫ айкалыштырган университетти өркүндөтүү!

**Университеттин ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери:**

- Башкаруунун философиясын өзгөртүү;
- Университеттин ишмердүүлүгүндөгү ачык-айкындуулук, демократиялуулук;
- Университетти башкарууга жамааттык катышуу;
- Социалдык жоопкерчилик;
- Жамааттагы ар бир адамга калыстык менен мамиле кылуу;
- Өз ара карым-катыш (тармактык, жамааттык карым-катыш);
- Ийкемдүү ыңгайлашуу;
- Бардык ишмердүүлүктө системалуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу;
- Университеттин ишмердүүлүгүн гумандаштыруу;
- Жетекчилер жамаатка, окутуучулар студенттерге, кызматкерлер университетке ак дилден кызмат кылуусуна жетишүү.

Университеттин студенттик коомчулук менен иштөө боюнча жана тарбия багытында аткарылуучу иш-аракеттери Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдарында өнүктүрүү концепциясынын VII стратегиялык багытына ылайык жүргүзүлөт.

**VII. СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ**
**Адамгерчилик жана руханий тарбия, ден соолук жана спорт**

| Стратегиялык максаттар | Милдеттер |
|---|---|
| **1.ОшМУ – жарандык билим берүү жана руханий патриоттуулукка тарбиялоо борбору** | 1.1Жаштарда патриоттуулукту, жарандык жоопкерчиликти, руханий маданиятты улуттук таалим тарбияны, салттуулукту сактоо сезимдерин калыптандыруу. Жаштардын эл аралык, коомдук жана башка уюмдары менен кызматташуусу.<br>• Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын пропагандалоо боюнча кеңири түшүндүрүү иштерин өткөрүү жана уюштуруу.<br>• «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын» жоболорун ишке ашыруу максатында факультеттерде жана студенттик жатаканаларда түшүндүрүү иштерин уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Жарандык жоопкерчиликти жана патриоттуулукту, улуттар аралык ынтымакты жана элдердин достугун өнүктүрүү максатында улуттук борборлордун белгилүү өкүлдөрү, эмгектин, согуштун ардагерлери, коомдук, мамлекеттик ишмерлер менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>• КРдин Эгемендүүлүк майрамы күнүн, Билим күнүн, Мугалимдер күнүн, Мекенди коргоочулар күнүн, Энелер майрамын, КРдин Конституция күнүн, Жеңиш күнүн, КРдин мамлекеттик символикаларынын күндөрүн ж.б. арналган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү |
| | 1.2 Жаштарды маданий-эстетикалык жактан тарбиялоо<br>• Илимдин жана искусствонун ишмерлери, жазуучулар менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Студенттердин маданий иш-чараларын, ж.б. уюштуруу.<br>• Университеттик, шаардык, республикалык жана эл аралык өздүк көркөм чыгармачылык конкурстарга катышуу. |
| | 1.3 Дене тарбия жана дени-сак жашоо образын калыптандыруу.<br>• Студенттер арасында Спартакиаларды өткөрүү<br>• «Үй-бүлө курууга карата» лекцияларды студенттер үчүн уюштуруу жана өткөрүү;<br>• СПИД, туберкулез,наркомания, алкоголизм, ж.б. көйгөйлөр боюнча атайын врач жана тиешелүү адистер менен баарлашуу, лекция, кечелерди студенттер арасында уюштуруу жана өткөрүү.<br>• Шаардык жана республикалык, эл аралык спартакиадаларга катышуу |

| | |
|---|---|
| | 1.4 ОшМУнун “Системдүү корруцияны демонтаждоо” боюнча деталдуу планына ылайык коррупциялык кылмыштарды кабыл албоо атмосферасын калыптандыруу<br>• Ички иштер орган кызматкерлеринин катышуусунда студенттик жаштардын арасында укук бузууларды профилактикалык жана эскертүү иш-чаралары<br>• Руханий-нравалык жана улуттук баалуулуктар жөнүндө илимий-документалдык фильмдерди демонстрациялоо жана лекцияларды уюштуруу<br>• «Таза сессия» акциясын уюштуруу жана өткөрүү<br>• Саясат таануучулар, коомдук ишмерлер, диний конфессиялардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен диний экстремизм жана терроризм темасында талкуу, жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү. |
| **2.Студенттик өзүн-өзү башкаруу институтун өнүктүрүү** | 2.1Студенттик чыгармачылык топторду, клубдарды жана уюмдарды колдоо<br>• Болон процесси боюнча студенттик Бюросунун иши<br>• Бардык иштерде Ыктыярчылар коомун түзүү;<br>• СТСО нын иштери<br>• Шаардык, республикалык иш чараларга, акцияларга, конкурстарга катышуу.<br>• Университеттин жаштар уюмдары  жана жаштар саясаты жөнүндө маалымат буклеттерин, брошюраларын, журналдарын басмадан чыгаруу жана таркатуу. республикалык жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу |
| | 2.2 Жаштар саясаты боюнча мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлгөн долбоорлорго жана тендерлерге катышуу.<br>• Жаңы долбоорлор жана сунуштарды талкуулоо жана иштеп чыгуу.<br>• Социалдык өнөктөштүк боюнча программаларды иштеп чыгуу.<br>• ОшМУнун студенттеринин корпоративдик маданиятынын кодексин иштеп чыгуу. |
| **3.ОшМУнун ишмердүүлүгүн коомчулукка кеңири жеткирүү аркылуу аброюн көтөрүү.** | 3.1. Университеттин маалымат порталын модернизациялоо |
| | 3.2. Университеттин артыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, күчтүү жактарын коомчулукка жеткирүү.<br>ТВ, радио, газета, журнал, онлайн ресурстар, ютуб каналы ж.б. заманбап жолдор аркылуу |
| | 3.3. Университеттин ишин республикалык жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу |

Бул комплекстүү иш-план Ош мамлекеттик университетиндеги факультеттердин деканынын жана колледждердин директорлорунун тарбия иштери боюнча орун басарларынын, Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбордун жетекчисинин, медиа бөлүмдүн жетекчисинин, студенттик кеңештин төрагасынын, акыйкатчы аппаратынын башчысынын, жатаканалар боюнча тарбиячынын, аялдар кеңешинин төайымдарынын, академиялык тайпалардын кураторлорунун жылдык иш планын түзүүгө негиз болот.

**2023-2024-окуу жылында аткарыла турган иштер**

1. **Уюштуруу жана маалымдоо багытындагы иштер**

| **№** | **иш чаралар** | **аткаруу мөөнөтү** | **жооптуулар** |
|---|---|---|---|
| 1 | ОшМУнун тарбиялык иштеринин жылдык планын иштеп чыгуу жана тиешелүү структураларга таратуу | 1-сентябрга чейин | студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү |
| 2 | 1-курска кабыл алынган студенттерге адаптациялык жумалыкты өткөрүү | 22-30-август | ОИД, студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү, декандар/ директорлор |
| 3 | Студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмүнүн  кызматкерлеринин иштөө тартибин аныктоо жана бекитүү | 1-сентябрга чейин | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 4 | Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борборго студенттик ийримдердин иштөө тартибин аныктоо жана бекитүү | 5-сентябрга чейин | борбордун башчысы |
| 5 | Нур гезитине, Үмүт телестудиясына ыктыярчы студенттер менен иштөө тартибин аныктоо жана бекитүү | 15-сентябрга чейин | маалымат бөлүмү |
| 6 | Факультеттердин жана колледждердин тарбия иштеринин 2023-2024-окуу жылы үчүн иш пландарын бекитүү | 5-сентябрга чейин | декандын/ директордун орун басарлары |
| 7 | Студенттик уюмдардын 2023-2024-окуу жылы үчүн пландарын бекитүү | 5-сентябрга чейин | студенттик уюмдардын башчылары |
| 8 | Студенттик тайпаларда кураторлорду дайындоо жана бекитүү | 10-сентябрга чейин | декандын /директордун орун басарлары |
| 9 | Ректор менен декандын тарбиялык иштер боюнча орун басарларынын тарбия иштерин жүргүзүү боюнча сүйлөшүүсү | окуу жылы ичинде бир жолу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 10 | Ректордун студенттик актив менен жолугушуусу | окуу жылы ичинде эки жолу | студенттик кеңеш |
| 11 | Университеттин жатаканаларынын активдери, студенттери менен ректордун  жолугушуусу | окуу жылы ичинде бир жолу | жатаканалар боюнча тарбиячы |
| 12 | Декандын / директорлордун тарбия ишгтери боюнча орун басарлары менен кеңешмелерди өткөрүү | айына бир жолу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 13 | Студенттик уюмдар менен жыйындар | жумасына бир жолу | студенттик уюмдардын башчылары |
| 14 | Студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмүн жыйындарын өткөрүү | айына бир жолу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 15 | Аялдар кеңеши менен мезгилдүү жыйындарды өткөрүү | айына бир жолу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 16 | Университеттин жатаканаларынын | айына бир | студенттик коомчулук менен |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | комenданттары менен жыйындарды өткөрүү | жолу | иштөө боюнча проректор, жатаканалар боюнча тарбиячы |
| 17 | Университеттин жатаканаларынын активдери, студенттери менен жыйындарды өткөрүү | айына бир жолу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор, жатаканалар боюнча тарбиячы |
| 18 | Студенттик коомчулук менен иштөө жана тарбия иштерин уюштуруу багытындагы иштерди аткарууну жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгуу, бекитүүгө сунуштоо, таратуу | системалуу | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор |
| 19 | Студенттик коомчулук менен иштөө жана тарбия иштеринин жыйынтыктарын чыгаруу, отчетторду даярдоо | октябоь, июнь | студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор, декандын/ директордун орун басарлары |
| 20 | Университеттеги жаңылыктар, жетишкендиктер, иш чаралар жана алдыңкы тажрыйбалар боюнча ММКларга, интернет маалыматтык булактарына социалдык тармактарга маалымдоо иштерин уюштуруу жана жүргүзүү | системалуу | маалымат бөлүмү |
| 21 | Университеттин официалдуу сайтын, социалдык тармактардагы баракчаларын актуалдуу маалыматтар менен камсыздоо | системалуу | маалымат бөлүмү |
| 22 | Студенттер, ата-энелер, иш берүүчүлөр менен кайтарым байланыштарды уюштуруу жана ага ылайык ыкчам пландарды түзүү | регулярдуу | маалымат бөлүмү |
| 23 | Мамлекеттик бийлик органдары, коомдук уюмдар, сырткы өнөктөштөр, башка ЖОЖдор, ММКлар менен жаштар саясатын жүргүзүү боюнча кызматташууну уюштуруу | системалуу | студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү, маалымат бөлүмү |

## 2. Окуу, кесипке багыт берүү боюнча иштер

| № | иш чаралар | аткаруу мөөнөтү | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Студенттик чөйрөгө мониторинг жасоо жана аныкталган көйгөйлөрдү алдын алуу, күрөшүү, кесепеттерин жоюу боюнча иш аракеттерди жүргүзүү | системалуу | студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү, декандын/ директордун орун басарлары |
| 2. | Кураторлук иштерди жүргүзүү: кураторлук сабактарды өткөрүү, сабакка катышуу, жетишүү, студенттин тартиби жана катышуу- | системалуу | кураторлор |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жетишүүсү боюнча ата-энелерге маалыматтарды берүү (кураторлук сааттар үчүн тематикалык план №1 тиркемеде келтирилген). | | |
| 3. | “ЖОЖдо окуп жатып карьералык траекторияны куруу” семинарлардын сериясын өткөрүү (UNDP менен биргеликте) | жыл ичи | студенттик кеңеш |
| 4. | Кесипке багыт берүү боюнча жолугушууларды, вебинарларды, тегерек столдорду өткөрүү | системалуу | декандын орун басарлары, кураторлор |
| 5. | Студенттин жүрүм-турум кодекси боюнча эреже бузууларды алдын алуу, болтурбоо жана эреже бузуулар аныкталган кырдаалдарга карата мамилелер боюнча талкууларды уюштуруу | жыл ичи | студенттик акыйкатчы аппараты, декандын орун басарлары, кураторлор |
| 6. | “Академиялык чынчылдык, студенттерде бул маданиятты калыптандыруу маселелери” боюнча 1-курстун студенттерине вебинар, талкуу, тегерек стол өткөрүү, видео материалдарды даярдоо | жыл ичи | студенттик акыйкатчы, декандын/ директордун орун басарлары |
| 7. | ОшМУнун студенттик кеңеши тарабынан уюштурулуучу студенттик долбоорлорго студенттерди даярдоо жана катыштыруу | жыл ичи | студенттик кеңеш, декандын/ директордун орун басарлары |
| 8. | Студенттер арасында интеллектуалдык конкурстарды уюштуруу | жыл ичи | студенттик кеңеш |
| 9. | Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш чараларды уюштуруу | жыл бою | акыйкатчы аппараты |
| 10. | “XXI кылымдын кадрлары” студенттик демилгелер форумуна студенттерди даярдоо жана катыштыруу | октябрь, ноябрь | студенттик кеңеш, декандын/ директордун орун басарлары |

### 3. Адеп-ахлактык, улуттук дөөлөттөргө, гуманизмге тарбиялоо боюнча иштер

| № | иш чаралар | аткаруу мөөнөтү | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Даталуу күндөрдү белгилөө иш чараларын уюштуруу (даталуу күндөр №2 тиркемеде тизмеленген) | Жыл ичинде | таланттар академиясы, декандын/директордун орун басарлары |
| 2. | 3-курстун жыйынтыгы менен Президенттик стипендиянын кандидаттарын аныктоо боюнча | 30-сентябрга чейин | декандын/директордун орун басарлары, атайын комиссия |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | конкурс уюштуруу | | |
| 3. | Атуулдук стипендия үчүн конкурс уюштуруу, жеңүүчүлөрүн куттуктоо аземин өткөрүү, стипендиаттар жөнүндө коомчулукка маалымдоо. | 1-ноябрга чейин | декандын/директордун орун басарлары, атайын комиссия |
| 4. | “Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” концепциясын ишке ашыруу боюнча иш чара (талкуу, тегерек стол, жолугушуу ж.б.у.с.) уюштуруу | жыл ичи | декандын/директордун орун басарлары, студенттик кеңеш |
| 5. | “Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” концепциясын ишке ашыруу максатында спортту пропагандалоо иш чараларын уюштуруу | жыл ичи | ОшМУнун спорт клубу |
| 6. | 2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылына карата Ош шаарындагы тоолорго жана туристик базаларга тазалык акцияларын уюштуруу | ноябрь, декабрь | студенттик кеңеш |
| 7. | Чет өлкөлүк студенттерге укуктук жардам көрсөтүү максатында эксперттер менен жолугушууларды уюштуруу | октябрь | чет өлкөлүк студенттер менен иштөө бөлүмү |
| 8. | ОшМУнун ректорунун кубогу үчүн ЖОЖдор аралык интеллектуалдык таймаш уюштуруу жана өткөрүү | ноябрь | ОшМУнун студенттик кеңеши |
| 10. | “Кыргыз жараны” концепциясын ишке ашыруу максатында иш чараларды (тегерек стол, талкуу, жолугушуу, ж.б.у.с.) уюштуруу жана өткөрүү | ноябрь | декандын, директордун орун басарлары |
| 11. | “XXI кылымдын компетенциялары” көндүмдөрдүн чемпионатын уюштуруу жана өткөрүү | декабрь | студенттик кеңеш, студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү |
| 12. | “Китеп окуйбуз” бир айлыгын факультетте/колледжде уюштуруу | апрель | декандын, директордун орун басарлары |
| 13. | Жаштарды мекенчилдикке үндөгөн маданий массалык иш чара уюштуруу жана өткөрүү | февраль | декандын, директордун орун басарлары |
| 14. | Университетти жашылдандыруу, ишембилик өткөрүү акцияларына студенттерди катыштыруу | системалуу | декандын, директордун орун басарлары |
| 15. | Окумуштуулар кеңешинин стипендиаттарын аныктоо боюнча конкурс уюштуруу | май | декандын/директордун орун басарлары, атайын комиссия |

4. **Маданий эстетикалык тарбия жана студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү багытындагы иштер**

| № | иш чаралар | аткаруу мөөнөтү | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Студенттерге ОшМУда уюштурулуучу студенттик ийримдерге кабыл алуу жана ишин уюштуруу | Жыл ичи | таланттар академиясы, декандын/ директордун орун басарлары |
| 2. | Студенттик Нур гезитине жана Үмүт ТСга ыктыярчы студенттерди кабыл алуу жана алардын ишин уюштуруу | жыл ичи | маалымат бөлүмү |
| 3. | Даталуу күндөргө карата майрамдык кечелерди өткөрүү (даталуу күндөр №2 тиркемеде тизмеленет) | жыл ичи | таланттар академиясы, декандын/ директордун орун басарлары |
| 4. | «Үмүт» телестудиясы, «Нур» гезити аркылуу даярдалган мезгилдүү көрсөтүүлөрдү, рубрикаларды даярдоо жана чыгаруу:<br>«Жаңылыктар” – ОшМУ жаңылыктары<br>“МедЛайф” – Окуу жайдын медицина тармагы тууралуу көрсөтүүлөр<br>“Спорт дүйнө” – ОшМУнун спортчулары тууралуу көрсөтүүлөр<br>“Муз-тайм” – окуу жайдын искуство, маданият тармагы тууралуу көрсөтүүлөр<br>“Чек эмес” - Баардык тармактагы мыктылар (окутуучусу студенти, директор,проректру) тууралуу<br>“Омүр сапар” - Окуу жайдагы илимпоздор тууралуу көрсөтүүлөр<br>“Биз келечек” – окуу жайдын бала бакча, мектеп-лицейлери тууралуу<br>“СтудЛайф” – маанайшат көрсөтүү<br>“ОшМУдан кат” – ата-энелер үчүн теле долбоору<br>“Пикир ордо” – дебат теледолбоору | жыл ичи | маалымат бөлүмү, студенттик кеңеш |
| 5. | Адистен кеңеш алуу, адис менен жолугушуу иш чараларын уюштуруу жана өткөрүү | системалуу | аялдар кеңеши |
| 6. | Автордук чыгырмачылык кечелерди уюштуруу | жыл ичи | таланттар академиясы |
| 7. | ОшМУда театр жумалыгы | сентябрь | студенттик кеңеш |
| 8. | Студенттерди биринчи курска кабыл алуу аземин уюштуруу жана өткөрүү | ноябрь | таланттар академиясы, декандын/ директордун орун басарлары |
| 9. | Жаны жылдык иш чаралар | декабрь | декандын/ директордун орун басарлары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10. | “STEM жана искусство” фестивалын уюштуруу жана өткөрүү | март | таланттар академиясы |
| 11. | Студенттик ийримдердин ишин жыйынтыгын коомчулукка алып чыккан иш чара уюштуруу жана өткөрүү | апрель | таланттар академиясы |
| 12. | “Ак жол, сага бүтүрүүчү” бүтүрүүчүлөрдүн аземин уюштуруу | май | таланттар академиясы, декандын/ директордун орун басарлары |

## 5. ОшМУнун кызматкерлеринин жана студенттеринин ден соолугун чыңдоо, спортко, сергек жашоого үндөө багытындагы иштер

| **№** | **иш чаралар** | **аткаруу мөөнөтү** | **жооптуулар** |
|---|---|---|---|
| 1. | Жатаканаларга кабыл алынган студенттерди медициналык кароодон өткөрүү | сентябрь | медициналык клиника, жатаканалар боюнча тарбиячы |
| 2. | 1-курска кабыл алынган студенттерди медициналык кароодон өткөрүү | атайын график боюнча | медициналык клиника, декандын/ директордун орун басарлары |
| 3. | Жатакананын жашоочулары үчүн ден соолукка кам көрүү, өздүк гигиена, жугуштуу оорулардан сактануу боюнча иш чараларды уюштуруу | жыл ичи | медициналык клиника, жатаканалар боюнча тарбиячы |
| 4. | ОшМУнун мыкты спортчулары жөнүндө видеороликтерди даярдоо, коомчулукка жарыялоо | жыл ичи | спорт клубу, маалымат бөлүмү |
| 5. | Ош облусунун райондор аралык мектеп окуучулары үчүн волейбол боюнча “Мектеп лигасын” уюштуруу жана өткөрүү | жыл ичи, атайын графикке ылайык | спорт клубу, маалымат бөлүмү |
| 6. | 1-курстун студенттери үчүн факультеттер аралык спартакиада уюштуруу жана өткөрүү | октябрь | спорт клубу, декандын/ директордун орун басарлары |
| 7. | Колледждер аралык студенттик спартакиада уюштуруу жана өткөрүү | октябрь | спорт клубу, декандын/ директордун орун басарлары |
| 8. | Республикалык ЖОЖдор аралык өткөрүлүүчү студенттик универсиадага университеттин командаларын аныктоо жана машыгуу тартибин иштеп чыгуу, командаларды мелдешке даярдоо | жыл ичи | спорт клубу |
| 9. | ОшМУнун кызматкерлери үчүн структуралар аралык спартакиада уюштуруу жана өткөрүү | атайын графикке ылайык | спорт клубу, декандын/ директордун орун басарлары |
| 10. | “Спорт менен машыгуу жана сергек жашоо маданиятын калыптандыруу” студенттер арасында иш чаралар | | спорт клубу, студенттик кеңеш |
| 11. | “СПИДди токтотобуз, Кыргызстанды | декабрь | декандын/ директордун орун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сактайбыз” ураанынын алдында иш чараларды уюштуруу | | басарлары |
| 12. | Республикалык педагогдордун арасында өткөрүлүүчү “Ден соолук” спартакиадасына университеттин командаларын түзүү, даярдануусун камсыздоо, көзөмөлгө алуу | март-июнь | спорт клубу |

## 6. Биринчу курстар менен жүргүзүлүүчү иштер

| № | иш чаралар | аткаруу мөөнөтү | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Студенттик тайпалардын активдерин шайлоо | 10-сентябрга чейин | декандын/ директордун орун басарлары, кураторлор |
| 2. | Университетке саякат: кафедра, деканат, университет, студент үчүн түзүлгөн шарттар менен тааныштыруу; социалдык пакеттер, атуулдук стипендия, президенттик стипендия, ОшМУнун ОКсынын стипендиясы жөнүндө маалымат алуу | сентябрь ичи | кураторлор |
| 3. | “Студент кантип окушу керек?” деген суроо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. AVN MC, KelBil тиркемеси, кредиттик технология, учурдук, чектик, модулдук, жыйынтыктоочу текшерүүлөр, баалоо саясаты жөнүндө маалымат алуу | сентябрь, октябрь ичи | кураторлор |
| 4. | ОшМУнун китепканалары, электрондук китепканасы менен таанышуу жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу жөнүндө маалымат алуу. Окурмандык китепчени алуу, колдонуу тартиптери | сентябрь, октябрь ичи | кураторлор, китепкана кызматкерлери |
| 5. | Ош шаарында жайгашкан китепканаларга, театрларга, музейлерге саякат жасоо | жыл ичинде | кураторлор, студенттик кеңеш |

ОшМУнун коомчулук менен иштөө
жана жаштар саясаты боюнча
проректору, доцент

ОшМУнун коомчулук менен иштөө
жана жаштар саясаты боюнча
проректору, доцент Н.А.Мапаева

_______ 09 _______ 2023-ж.